# Махабатым

Башкаларга баркың билинбей
Жүрсөң деле көптүн бириндей
Жашоо берген өңдүү а мага
Жагымдуусуң жаздын гүлүндөй, эй, гүлүндөй

Махабатым Чолпон жылдыздай
Көз талдырат көркүң кундуздай
Көргөн сайын көөнүм арбалып
Адатым бар ичтен бир сызмай

Абалымды сезер болсоңчу
Кушум болуп колго консоңчу
Көңүл үчүн кээде бир жолу
Көз кырыңды салып койсоңчу

Наристесиң Чолпон жылдыздай
Көз талдырат көркүң кундуздай
Көргөн сайын көөнүм арбалып
Адатым бар ичтен бир сызмай

Башкаларга баркың билинбей
Жүрсөң керек көптүн бириндей
Жашоо берген өңдүү а мага
Жүрсөң керек жаздын гүлүндөй

Махабатым Чолпон жылдыздай
Көз талдырат көркүң кундуздай
Көргөн сайын көөнүм арбалып
Адатым бар ичтен бир сызмай

Наристесиң Чолпон жылдыздай
Көз талдырат көркүң кундуздай
Көргөн сайын көөнүм арбалып
Адатым бар ичтен бир сызмай